**12.00.02 – конституциялык укук, муниципалдык укук адистиги боюнча юридика илимдеринин кандидаты илимий даражасын изденип алууга сунуш кылынган “Конституционно-правовые основы избирательной системы Кыргызской Республики” (Кыргыз Республикасынын шайлоо системасынын конституциялык-укуктук негиздери) аттуу темадагы юридика илимдеринин кандидаты даражасын изденүүгө сунушталган Абдылдаева Наргиза Уркасымовнанын диссертациясы боюнча** Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети жана Б.Ельцин атындагы Кыргыз-Россия Славян университетине караштуу юридика илимдери боюнча Д. 12.23.669 диссертациялык кеңештин эксперти юридика илимдеринин доктору, Аманалиев Урмат Олжобековичтин

# КОРУТУНДУСУ

Абдылдаева Наргиза Уркасымовнанын диссертациясын карап чыгып, төмөндөгүдөй корутундунун жыйынтыгына токтолдум:

1. **Диссертациялык кецеш коргоого диссертацияларды кабыл алууга укуктуу болгон адисттикке иштин (изилдөөнүн) дал келүүсү.**

“Конституционно-правовые основы избирательной системы Кыргызской Республики” (Кыргыз Республикасынын шайлоо системасынын конституциялык-укуктук негиздери) темасынын үстүндө юридикалык илимдин кандидаты даражасын изденүүгө сунушталып жаткан Абдылдаева Наргиза Уркасымовнанын диссертациясы Д 12.23.669 диссертациялык кеңештин адистигине дал келет.

Диссертация Кыргыз Республикасындагы шайлоо системасынын конституциялык-укуктук аспектилерин кылдат изилдөө аркылуу шайлоо процессине байланыштуу ченемдик-укуктук актыларды системалаштырып талдаган жана негизги конституциялык принциптерди аныктаган.

Кыргыз Республикасынын шайлоо системасынын өнүгүү тарыхын этап-этабы менен кылдат ачып бере алган, эгемендүүлүк мезгилинен баштап шайлоо процесстеринин эволюциясын талдап, шайлоо реформаларынын өзгөчөлүктөрүнө токтолгон. Шайлоо системасынын тарыхын талдоо изденүүчүгө шайлоо процессинин өнүгүү тенденцияларын жана өзгөчөлүктөрүн аныктоого мүмкүндүк берди, ошондой эле өнүгүү жолун көрүүгө мүмкүнчүлүк түзүлдү.

Ченемдик-укуктук актылар менен шайлоо практикасынын ортосундагы өз ара байланышты терең талдоо аркылуу көйгөйлүү учурларды жана аларды чечүүнүн мүмкүн болгон жолдорун табуу илимий иште өзгөчө баалуу болуп

саналат. Автор теориялык негиздер менен практикага таянып, шайлоо системасын жакшыртуу боюнча кызыктуу сунуштарды бере алды.

Жалпы жонунан аткарылган изилдөө иши талаптарга жооп берүү менен аткарылып, 12.00.02 – конституциялык укук; муниципалдык укук адистигинин паспортунун пунктарына (Кыргыз Республикасынын ЖАК Президиумунун 2016-жылдын 27-декабрындагы №235 токтомунун 2-тиркемеси) толук жооп берет. Кыргыз Республикасынын шайлоо системасынын конституциялык-укуктун негиздерин так аткаруу боюнча изденүүчү тарабынан берилген сунуштарда конституциялык укук жана муниципалдык укук маселелери изилденген.

2. **Диссертациялык изилдөөнүн максаты жана маселелери.**

Диссертациялык изилдөөнүн **максаты** – Кыргыз Республикасынын шайлоо системасынын конституциялык негиздерин талдап, аларды өнүктүрүү боюнча теориялык жана практикалык сунуштарды иштеп чыгуу.

**Изилдөөнүн максатына жетүү үчүн төмөнкү милдеттер коюлган:**

1. Кыргыз Республикасынын шайлоо системасынын түшүнүгүнө талдоо жүргүзүү;
2. Кыргыз Республикасынын шайлоо системасынын тарыхый негиздерин изилдөө;
3. Кыргыз Республикасынын шайлоо системасынын теориялык жана методологиялык негиздерин талдоо;
4. Кыргыз Республикасынын шайлоо системасынын бирдиктүү түзүлүшүнүн жалпы мүнөздөмөсүн аныктоо;
5. Шайлоо процессиндеги мыйзам бузуулар үчүн юридикалык жоопкерчиликке тартуу механизмдерин изилдөө;
6. Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо процессинен чыккан көйгөйлөрдү аныктоо;
7. Шайлоо процессин калыптандырууда саясий партиялардын ролун жана алардын шайлоо процессинин калыптандыруусуна тийгизген таасирин анализдөө;
8. Шайлоо системасынын конституциялык-укуктук негиздерин камсыз кылууга укуктук базаны жакшыртуу механизимдерин иштеп чыгуу.

**Диссертациянын изилдөө объектисинин жана предметинин диссертациянын максатына жана маселелерине шайкештиги**.

Изилдөөнүн **объектиси** болуп Кыргыз Республикасынын шайлоо системасынын конституциялык-укуктук негиздерин жүзөгө ашырууда келип чыккан укуктук мамилелер саналып, ал эми изилдөөнүн **предмети** деп Кыргыз Республикасынын шайлоо системасынын конституциялык-укуктук негиздеринин так аткарылышына алып келүүчү механизимдер, мамлекет

менен жарандын шайлоо системасына байланыштуу укуктары жана милдеттери деп берилген.

**Изилдөө ыкмаларынын диссертациянын маселелерине шайкештиги.** Изденүүчү илимий ишине коюлган милдеттеринин алкагында Кыргыз Республикасынын шайлоо системасынын конституциялык-укуктук негиздерин жана анын тарыхый өнүгүшүн терең түшүнүүгө жетишүү үчүн изилдөөнүн теориялык да, эмпирикалык да методдорун колдонгон. Теориялык методдор бөлүгүндө изденүүчү учурдагы ченемдик-укуктук актыларга жана тиешелүү илимий адабияттарга талдоо жүргүзүп, шайлоо системасынын негизин түзгөн принциптерди жана жоболорду аныктоого мүмкүндүк ала алган. Ошондой эле шайлоо системасынын тарыхый учурларындагы окшоштуктарды жана айырмачылыктарды аныктоого мүмкүндүк алуу үчүн салыштырма талдоо ыкмасын колдонгон. Ал эми эмпирикалык методду колдонуу аркылуу изденүүчү шайлоо системасынын реалдуу иштешин баалоо жана анын көйгөйлөрүн аныктоо үчүн сурамжылоо жүргүзүү жана жүргүзүлгөн сурамжылоолордун эксперттик баалоолорун талдап, аныктап берген. Изденүүчү изилдөөнүн методдорун колдонуу аркылуу Кыргыз Республикасынын шайлоо системасынын конституциялык-укуктук негиздерин ар тараптан изилдеп, коюлган максаттарына жана милдеттерине жетишүүгө мүмкүндүк алып ишке ашырган.

**Диссертациянын темасынын актуалдуулугу**.

Кыргыз Республикасынын шайлоо системасынын конституциялык-укуктук негиздери темасындагы диссертациялык иш 2021-жылкы Референдумдун негизинде киргизилген өзгөрүүлөргө байланыштуу актуалдуу жана маанилүү болуп саналат. Шайлоо системасы демократиялык башкаруу жана саясий процесстин туруктуулугун камсыз кылууда негизги ролду ойнойт. Конституциялык-укуктук негиздерди түшүнүү аркылуу шайлоо системасынын демократиялык стандарттарга шайкештигин аныктап, санарип технологиялары менен социалдык өзгөрүүлөрдү эске алуу аркылуу аны өркүндөтүү боюнча инновациялык ыкмаларды сунуштоого жардам берет. Мындай изилдөө Кыргызстандагы демократиялык институттарды бекемдөө, жарандардын укуктарын коргоо жана саясий процесстин туруктуулугун камсыз кылуу үчүн олуттуу мааниге ээ.

**3. Илимий натыйжалар.**

Изилдөөнүн жүрүшүндө Кыргыз Республикасынын шайлоо системасын түшүнүүгө жана өнүктүрүүгө салым кошкон баалуу илимий жыйынтыктар менен сунуштар берилди. Диссертациядагы негизги илимий натыйжаларын белгилесек: диссертация шайлоо системасынын конституциялык-укуктук негизинин принциптерине талдоо жүргүзүлгөн;

изилдөөдө шайлоо системасынын процессиндеги көйгөйлүү аспектилер аныкталган, мисалы, шайлоонун жыйынтыктарын бурмалоонун жолдору, андан чыгып келген көйгөйлөр.

Илимий эмгекте шайлоо системасынын өнүгүүсүн этаптарга бөлүп талдап, оц жана терс тажрыйбалары аныкталып жана анын негизинде шайлоо системасын жакшыртуу боюнча сунуштар иштелип чыккан. Сунуштар шайлоо системасына тиешелүү мыйзамдарга озгөртүүлөр киргизилүүсү аркылуу, шайлоонун жыйынтыгынын бурмалоосун токтотууга негиз болуп бере алат, ошондой эле шайлоо системасына кызыктар тараптар – саясий партиялар, саясий лидерлер, коомдук уюмдар, мамлекеттик органдар жана активдүү жарандар үчүн пайдалуу болушу мүмкүн. Бул жыйынтыктар шайлоо процессин жакшыртууга, анын мыйзамдуулугун, натыйжалуулугун жогорулатууга багытталган реформаларды иштеп чыгуу жана ишке ашыруу үчүн негиз болуп, системаны жакшыртуу боюнча конкреттүү чараларды көрүү үчүн колдонулушу мүмкүн.

**1-натыйжа.** Диссертациялык иштин максатын ачып берүү үчүн биринчи милдетке шайлоо системасынын түшүнүгүн талдоо деп белгилеп, изденүүчү тиешелүү окуу китептерге, илимий иштерге, мыйзамдарга, токтомдорго, эксперттик жыйынтыктарга кеңири сереп салган. Шайлоо системасынын түрлөрүн аныктап, терс жана оң жактарын талкуулап, түзүмүн, мыйзамдык базасын, уюштуруу принциптерине токтолгон.

**2-натайжа**. Изденүүчү, Кыргыз Республикасынын шайлоо системасынын өнүгүшүнүн тарыхына кылдат талдоо жүргүзүп, шайлоо системасынын тарыхый өнүгүүсүн этаптарга бөлүп талдоо жүргүзгөн. Өнүгүүсүнүн ар кандай этаптарында шайлоо өткөрүү мыйзамдарындагы жана практикасындагы өзгөрүүлөрдү талдап аныктап бере алган. Шайлоо системасынын тарыхый этаптары менен талдоосу анын калыптануусуна таасир берген ар түрдүү учурларды ачып, маанилүүлүгүн жеткиликтүү түшүндүрүп берүүсүн жеңилдетип, белгиленген милдет ишке ашырылган.

**3-натыйжа.** Изденүүчү, Кыргыз Республикасынын шайлоо системасынын теориялык жана методологиялык негиздерин талдоо боюнча колдонулган адабияттарга, теориялык концепцияларга жана методологиялык мамилелерге кеңири талдоо жүргүзгөн.

**4-натыйжа.** Изденүүчү, Кыргыз Республикасынын шайлоо системасынын бирдиктүү түзүмүнүн негизги мүнөздөмөлөрүн ченемдик-укуктук актыларга таянып аныктап ачып берип, жооптуу БШК, АШК, УШК шайлоо комиссияларынын иштөө принциптерин, жана тиешелүү мыйзамдагы талаптарды аныктап ачып берген. Кыргыз Республикасынын шайлоо системасынын бирдиктүү түзүмү республика боюнча бардык деңгээлдеги

шайлоолорду уюштуруп, өткөрүүнү камсыз кылып, мыйзам чыгаруу бийлик бутагынын мыйзамдуулугу менен легитимдүүлүгүн аныктап берет деп белгилеген. Кыргыз Республикасынын шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча шайлоо комиссиялары жөнүндө мыйзамынын 3-беренесине "натыйжалуулук" принциби менен толуктоо сунушталган. Ушул эле мыйзамдын 23-беренесине *"Аймактык, участкалык шайлоо комиссиясы өзүнүн ыйгарым укуктарын жана тиешелүү участкасында шайлоочулардын шайлоого катышуусунун пайыздык көрсөткүчтөрү 50%-70%-90%-жогору болуу учурда тиешелүү шайлоо участкасынын мүчөлөрүн сыйлоо белгиленген тартипке ылайык каралсын"*. Мыйзам долбоору шайлоочулардын тиешелүү участокторго келүүсүнүн деңгээлине жараша АШК, УШК мүчөлөрүн сыйлоо механизимин белгилөөгө багытталмакчы деп аныктап берген.

**5-натыйжа.** КРнын Кылмыш-жаза кодексинин 196-беренесинин 3-пунктуна *"Шайлоо өткөрүү мезгилинде акчалай каражаттарды, материалдык баалуулуктарды алуу же болбосо кандайдыр-бир кызматты же башка байгерчиликти алуу жолу менен шайлоочу добушун сатуусу 100дөн 500 эсептик көрсөткүчтөргө (10 000ден 50 000 сомго чейин) чейин айып салууга жазаланат"* деп киргизүүсүн сунуштап. Ошондой эле белгиленген кодексте шайлоочулардын добуштарын сатып алуусу боюнча добуш сатып алган тарап жоопко тартыларын, ал эми добушун саткан экинчи тараптын жоопкерчилиги КРнын укук бузуулар жөнүндө кодексинин 63-беренесинде каралган жана жоопкерчилик - 10 эсептик көрсөткүч (1 000 сом) өлчөмүндө айып пул салуусу берилген деп талдаган жана берилген сунуштун негиздүүлүгүн аныктап, ачып берген.

**6-натыйжа.** КРнын Президентин жана КРнын ЖКнин депутаттарын шайлоо жөнүндө КРнын конституциялык Мыйзамынын 59-беренесинин 7-пунктуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү сунушу төмөндөгүдөй иштелип чыккан *"Мандаттарды бөлүштүрүүдө алгач шайлоочулардын добуштарынын кыйла көп добушу берилген талапкер алат. Мандат бошогон учурда, шайлоочулардын добуштарынын кыйла көп добушу берилген экинчи талапкерге берилүүсү каралсын. Кезектеги талапкер тиешелүү бир мандаттуу шайлоо округунан шайлоого катышкан шайлоочунун 0,25 %дан кем эмес добушун алуусу шарт. Эгерде кезектеги талапкерлер тиешелүү пайыздуулук көрсөткүчүн алалбаса анда мыйзамда каралган мөөнөттө кайра шайлоо дайындалат."* деп берилген сунуш талданып, аныкталып берилген.

**7-натыйжа.** КРнын Президентин жана КРнын ЖКнин депутаттарын шайлоо жөнүндө" конституциялык Мыйзамынын 59-беренесинин, 2-пунктуна өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү боюнча

төмөндөгүдөй сунушталган *"Шайлоо күнүнө карата 25 жашка толгон, шайлоого укугу бар, жогорку кесиптик билими бар, мамлекеттик жана муниципалдык кызматта 3-жылдан кем эмес эмгек стажы бар, же болбосо жергиликтүү кеңеште бир чакырылыштан кем эмес депутаттык стажы бар Кыргыз Республикасынын жараны Жогорку Кеңештин депутаты болуп шайлана алат"*. Изденүүчү берилген сунуш талапкерлердин тизмесинин сапатынын жакшырышына алып келерин, аны менен дагы бир нече натыйжалуулуктарды белгилеп аныктаган.

**8-натыйжа**. Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 2-беренесинин 4-пунктуна төмөндөгүдөй норма менен толуктоо киргизүү сунушталды*"Шайлоолор жана референдумдар эркин, жалпыга бирдей, тең жана тикелей шайлоо укугунун негизинде жашыруун добуш берүү менен өткөрүлөт. Кыргыз Республикасынын 18 жашка толгон жарандары шайлоо укугуна ээ болот жана катышууга милдетүү"*. Бекитилген ченемди бекемдөө үчүн Конституциянын 37-беренесинин 1-пунктуна толуктоо төмөндөгүдөй тартипте киргизилүүсү сунушталды *"Кыргыз Республикасынын жарандары мамлекеттик органдарга жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына шайланууга укукту, ошондой эле референдумга, Президенттик шайлоого, КРнын ЖК менен жергиликтүү кеңештин депутатын шайлоого катышууга укуктуу жана милдеттүү"*.

**3.1. Алынган жыйынтыктар илимий жаңылыгы менен юридикалык илимдин чегинде мүнөздөлөт**

**1-натыйжа.** Илимий жаңынтык жаңы, себеби 2021-жылдын 11-апрелинде болуп өткөн Референдумдун негизинде Кыргыз Республикасынын шайлоо системасы өзгөрүүлөргө учураган. Жаңы өзгөрүүлөрдүн алкагындагы шайлоо системасынын учурдагы өзгөчөлүктөрүнө талдоо жүргүзүлүп, аныкталган.

**2-натыйжа.** Илимий жаңылыгы, Кыргыз Республикасынын шайлоо системасынын тарыхый негиздерин ачып берүүдө автор эгемендүү Кыргыз Республикасында шайлоо системасынын калыптануу менен өнүгүү жолун 4-этапка бөлүп талдап, тарыхый учурлар менен негиздеп аныктагандыгында. Этаптарга бөлүп кароо аркылуу изденүүчү Кыргыз Республикасынын шайлоо системасынын күчтүү жана алсыз жактарын аныктоого, ошондой эле аны өркүндөтүүнүн мүмкүн болгон жолдоруна өзгөчө көңүл бурган.

**3-натыйжа.** Илимий жаңылыгы Кыргыз Республикасынын шайлоо системасынын теориялык жана методологиялык негиздерин талдоодо шайлоо процесстерин баалоо жана талдоо үчүн колдонулган теориялык түшүнүктөр, методологиялык ыкмалар, эки кадам менен аныкталып изилденгендигинде жатат.

**4-натыйжа.** Илимий жаңылыгы Кыргыз Республикасынын шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча шайлоо комиссиялары жөнүндө мыйзамынын 3-беренесине "натыйжалуулук" принциби менен толуктоо, ушул эле мыйзамдын 23-беренесине тиешелүү участкада шайлоочулардын шайлоого катышуусунун белгиленген пайыздык көрсөткүчтөрүнө жеткенде тиешелүү участканын мүчөлөрүн сыйлоо боюнча толуктоо киргизүү сунуштары жаңы деп аныкталды.

**5-натыйжа.** Илимий жаңылыгы Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинин 196-беренесинин 3-пунктуна *"Шайлоо өткөрүү мезгилинде акчалай каражаттарды, материалдык баалуулуктарды алуу же болбосо кандайдыр-бир кызматты же башка байгерчиликти алуу жолу менен шайлоочунун добушун сатуусу 100дөн 500 эсептик көрсөткүчтөргө (10 000ден 50 000 сомго чейин) чейин айып салууга жазаланат"* деген норманы киргизүүдө жатат.

**6-натыйжа.** Илимий жаңылыгы КРнын Президентин жана КРнын ЖКнин депутаттарын шайлоо жөнүндө КРнын конституцниялык Мыйзамынын 59-беренесинин 7-пунктуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү сунушунда деп аныкталды *"Мандаттарды бөлүштүрүүдө алгач шайлоочулардын добуштарынын кыйла көп добушу берилген талапкер алат. Мандат бошогон учурда, шайлоочулардын добуштарынын кыйла көп добушу берилген экинчи талапкерге берилүүсү каралсын. Кезектеги талапкер тиешелүү бир мандаттуу шайлоо округунан шайлоого катышкан шайлоочунун 0,25 %дан кем эмес добушун алуусу шарт. Эгерде кезектеги талапкерлер тиешелүү пайыздуулук көрсөткүчүн алалбаса анда мыйзамда каралган мөөнөттө кайра шайлоо дайындалат"*.

**7-натыйжа.** Илимий жаңылыгы КРнын Президентин жана КРнын ЖКнин депутаттарын шайлоо жөнүндө" конституциялык Мыйзамынын 59-беренесинин, 2-пунктуна *"Шайлоо күнүнө карата 25 жашка толгон, шайлоого укугу бар, жогорку кесиптик билими бар, мамлекеттик жана муниципалдык кызматта 3-жылдан кем эмес эмгек стажы бар, же болбосо жергиликтүү кеңеште бир чакырылыштан кем эмес депутаттык стажы бар Кыргыз Республикасынын жараны Жогорку Кеңештин депутаты болуп шайлана алат"* деп киргизүүсүнүн сунуштоосунда деп аныкталды.

**8-натыйжа**. Илимий жаңылыгы Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 2-беренесинин 4-пунктуна төмөндөгүдөй норма менен толуктоо киргизүүсүндө *"Шайлоолор жана референдумдар эркин, жалпыга бирдей, тең жана тикелей шайлоо укугунун негизинде жашыруун добуш берүү менен өткөрүлөт. Кыргыз Республикасынын 18 жашка толгон жарандары шайлоо укугуна ээ болот жана катышууга милдетүү"*,

ошондой эле 37-беренесинин 1-пунктуна *"Кыргыз Республикасынын жарандары мамлекеттик органдарга жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына шайланууга укукту, ошондой эле референдумга, Президенттик шайлоого, КРнын ЖК менен жергиликтүү кеңештин депутатын шайлоого катышууга укуктуу жана милдеттүү"*.

**3.2. Илимий натыйжалардын негиздүүлүгүн негиздөө**

**Диссертациялык иште формулировкаланган жыйынтыктар жана корутундулар жетиштүү түрдө негизделген**

**1-натыйжа.** Жетиштүү түрдө негизделген, илимий көз караште талданып, анын жаңылыгы аныкталды.

**2-натыйжа.** Жетиштүү негизделген, изденүүчү илимий изилдөө ишинде тарыхый учурларга басым жасап, изилдөө темасынын эволюциясын жана өнүгүшүн аныктап берүү үчүн Кыргыз Республикасынын шайлоо системасынын калыптануусун жана өнүгүүсүн негизги этаптарга бөлүп аныктаган.

**3-натыйжа.** КРнын шайлоо системасынын теориялык жана методологиялык негиздери талданып, жетиштүү негизделген.

**4-натыйжа.** КРнын шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча шайлоо комиссиялары жөнүндө мыйзамдын 3- менен 23-беренесине сунушталган өзгөртүүсүн киргизүүнү аныктап, жетиштүү негизделген.

**5-натыйжа.** КРнын Кылмыш-жаза кодексинин 196-беренесинин 3-пункту менен толуктоо киргизүү сунушу жетиштүү негизделген.

**6-натыйжа.** КРнын Президентин жана КРнын ЖКнин депутаттарын шайлоо жөнүндө КРнын конституциялык Мыйзамынын 59-беренесинин 7-пунктуна өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү сунушу жетиштүү негизделген.

**7-натыйжа.** КРнын Президентин жана КРнын ЖКнин депутаттарын шайлоо жөнүндө конституциялык Мыйзамынын 59-беренесинин, 2-пунктуна өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү сунушу жетиштүү негизделген.

**8-натыйжа.** Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 2-беренесине, 37-беренесине "милдетүү" деп толуктоо киргизүү сунушу жетиштүү негизделген.

**3.3. Диссертациянын теориялык мааниси**

Изилденген илимий иш Кыргыз Республикасынын шайлоо системасынын конституциялык-укуктук негиздерин өркүндөтүү, жакшыртуу, жаңы механизимдерди иштеп чыгуу боюнча маанилүү салым болуп саналат. Шайлоо системасы демократиялык процессте жана жарандык укуктар менен эркиндиктерди камсыз кылууда негизги ролду ойнойт жана шайлоо системасынын конституциялык-укуктук негиздерин талдоо чоң мааниге ээ.

Изденүүчү шайлоо системасынын конституциялык жана укуктук аспектилерин толук изилдеп, укуктук-ченемдерге, принциптерге жана шайлоонун жыйынтыктарына талдоо жүргүзүүгө өзгөчө көңүл бурган. Жалпысынан алганда, диссертациялык иш олуттуу изилдөө болуп саналып, Кыргыз Республикасынын шайлоо системасынын өнүүгү жолдорун аныктоо боюнча илимий изилдөөлөр үчүн да, укук жана саясат жаатындагы практикалык иш үчүн да пайдалуу болушу мүмкүн.

**3.4. Кандидаттк диссертациянын квалификациялык белгилерине туура келүүсү**

Юридикалык илимдеринин кандидаты илимий даражасын изденүүгө сунушталган Абдылдаева Наргиза Уркасымовнанын "Конституционно-правовые основы избирательной системы Кыргызской Республики" (Кыргыз Республикасынын шайлоо системасынын конституциялык-укуктук негиздери) аттуу темадагы диссертациялык иштин аткарылышы 12.00.02-конституциялык укук; муниципалдык укук адистигине дал келип, диссертация берүү тартиби жөнүндөгү Жобонун 11-пунктунун талаптарына жооп берет.

Диссертациялык илимий изилдөө иши жеке илимий иш, мазмуну квалификациялык белгилерге ылайык келип, илимий иште изилдөөнүн жакшы жетишкендиги боло алган жыйынтыктар берилди. Илимий иш мамлекеттик тилде берилгендиги илимий жаатагы жаңы муундун кыргыз тилдүү болуусуна түрткү боло алат.

**4. Диссертациялык изилдөөнүн практикалык мааниси**

Иште каралган Кыргыз Республикасынын шайлоо системасынын конституциялык-укуктук негиздеринин теориялык жагы, Кыргыз Республикасынын эгемендүүлүк алган биринчи күндөрүнөн, учурдагы КРнын ЖКнин бир мандаттуу округтан шайланган депутаттын мандаты бошогондугуна байланыштуу кайра шайлоорго чейинки шайлоо процесстери каралып, берилген сунуштар менен жыйынтыктар юридикалык илимий иштерде, мыйзам иштеп чыгууда, жогорку окуу жайлардагы тиешелүү окуу методикалык пособияларын иштеп чыгууда колдонулушу мүмкүн.

**5. Авторефераттын днссертациясынын мазмунуна дал келүүсү**

Автореферат толугу менен диссертациянын мазмунуна, изилдөөнүн максатына жана маселелерине дал келет. Авторефераттын кыргыз, орус жана англис тилдериндеги резюмеси бирдей.

**6. Эскертүү:**

Жалпысынан кандидаттык диссертация боюнча орчундуу сын-пикирлер жок, бирок илимий ишти андан ары өркүндөтүү үчүн төмөндөгүлөргө көңүл буруу абдан маанилүү:

1. Берилген сунуштардын мамлекеттик саясий системасына болуучу кесепеттерин талдоого көбүрөөк басым жасоо. Мисалы, сегизинчи жобого белгиленген шайлоочуга карата коюлуучу милдет. Анткени шайлоого баруу, катышуу маселеси конституциялык укук катары белгиленип келүүдө;
2. Шайлоо мыйзамдарына карата берилип жаткан өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду кигизүүдө тиешелүү эксперттик топтордун талкуусуна активдүү катышуу менен социологиялык сурамжылоолорду жүргүзүүгө көбүрөөк көңүл бурулса;
3. Жумуштагы стилистикалык жана граматикалык каталарды оцдоо сунушталмакчы.

Жогорудагы берилген пикирлер жумуштун маанисине таасирин тийгизбейт жана ал илимий ишти андан ары өркүндөтүү үчүн колдонулмакчы.

**7.Сунуштар.** Н.Абдылдаеванын кандидаттык диссертациясы боюнча дайындалсын:

- ***жетектөөчү уюм*** катары Кыргызстандын эл аралык университетинин “Юриспруденция жана эл аралык укук” кафедрасын. Дареги: Бишкек ш., 7-апрель көч.4 а;

- **биринчи расмий оппонент** – юридика илимдеринин доктору Токтогулов Алмаз Асылбекович. 12.00.02 конституциялык укук, муниципалдык укук боюнча адис.

- **экинчи расмий оппонент** – юридика илимдеринин кандидаты – Сатимкулов Убайдулла Акилбекович. 12.00.02 конституциялык укук, муниципалдык укук боюнча адис.

**8. Сунуштар.** Диссертациялык кецешке коргоо сунушталат. Мындан ары бул багыттагы ишти улантып шайлоо системасын жакшыртуу максатында иштелип чыккан сунуштарды тиешелүү мыйзамдарга толуктоолорду киргизүү боюнча активдүү иш алып баруусу сунушталат.

**9. Корутунду.** Изденүүчү тарабынан алынган тыянактар жана натыйжалар баптар менен бөлүмдөрдүн мазмуну бирдиктүүлүк, ырааттуулук менен берилген. Изилдөө иши компетенттүү аныкталып, иштин максаттары жана чечүүчү негизги милдеттеринин өз ара байланыштар, ички биримдиги ырааттуулук менен түзүлгөн. Коргоого алынып жаткан натыйжалардын жана жоболордун шайлоо системасында актуалдуулугу, автордун ишинде алдын

ала берилип, изилдөөнүн негизинде тастыкталып жана илимий макаларында басылып чыккан.

Коргоого алынып жаткан натыйжалардын жана жоболордун жаңылык даражасы – илимий ишите автор шайлоочунун шайлоо системасындагы конституциялык-укуктук негиздерин ишке ашыруусунда 1991-жылдан 2024-жылга чейинки шайлоонун жыйынтыктарына талдоо жүргүзүп, шайлоонун жыйынтыгын бурмалаган учурларды далилдеп, ийгиликтүү ишке ашырылган реформалардын негизиндеги өзгөрүү мегенизимдерине токтолуп, ортодогу айырмачылыктар талданып, учурдагы шайлоо системасынын көйгөйгөйлөрү белгиленип жана сунуштарга токтолгон. Ошондой эле илимий иште автор Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңештеринин депуттарынын шайлоолорун талдап, шайлоочунун шайлоо тизмесиндеги санын, шайлоого келип шайлап кеткен шайлоочунун санын жана анын ичинен канчасы баарына каршы экендиги тууралу талдоо жүргүзүп илимий ишинде чагылдырып, талдоодо белгиленген сандардын өзгөрүүсүн далил катары көрсөтүп, бүгүнкү күндө жарандын, анын ичинде шайлоочунун ац сезимине реформа керек экендигине токтолуп, сунуштарды бергенге аракет көрүлгөн.

**10.** Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети жана Б.Ельцин атындагы Кыргыз-Россия Славян университетине караштуу юридика илимдери боюнча Д. 12.23.669 диссертациялык кеңештин эксперттик мүчөсү юридикалык илимдеринин доктору, доцент Аманалиев Урмат Олжобекович “Конституционно-правовые основы избирательной системы Кыргызской Республики” (Кыргыз Республикасынын шайлоо системасынын конституциялык-укуктук негиздери) аттындагы Абдылдаева Наргиза Уркасымовнанын диссертациялык ишин 12.00.02 – конституциялык укук; муниципалдык укук адистиги боюнча юридика илимдеринин кандидаты окумуштуу даражасын жактоого алуусун сунуштайт.

**Эскперттик комиссиясынын мүчөсү:**
**юридика илимдердин доктору,**
**доцент** **Аманалиев У.О.**
“10” 06 2024-ж.,

Кол тамгасын тастыктайм:
Окум. катчы Салымова В. Ж. В.Щ–
10.06.2024

В: Салымованын колун тастыктайм
Кадр бөлүмүнүн башчысы Маматжанова А.